# Шайлоону уюштуруунун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көзөмөл кылуу

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын 2021-жылдын 11-апрелиндеги шайлоо боюнча» онлайн тренинг

**Шайлоону уюштуруунун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көзөмөл кылуу**

Бул материал интеллектуалдык жана автордук менчик болуп саналат.
"Жарандык платформа" коомдук фондунун макулдугу жок бул материалды колдонуу мүмкүн эмес.

# Прокуратуранын статусу

- ✓ Конституциялык орган;
- ✓ Аткаруу бийлик органдарынын, ошондой эле тизмеси конституциялык мыйзам менен аныкталган башка мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын шайлоо мыйзамдарын сакташына көзөмөлдү жүзөгө ашырган мамлекеттик орган.

## Прокуратуранын шайлоо комиссиялары менен өз ара аракеттенүү формалары

- ✓Шайлоо мыйзамдарын камсыз кылуу маселелери боюнча маалымат алмашуу;
- ✓Биргелешкен иш-чараларды өткөрүү;
- ✓Биргелешкен Ыкчам чара көрүүчү координациялык топторун түзүү;

# Жумуш күндөрү

Добуш берүү күнү жана андан мурунку күнү жумуш күндөрү болуп саналат

(**2021-жылдын 10-11-апрели**)

# Даттанууларды жана арыздарды кароо

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамынын 41-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, шайлоо процессинин бардык субъекттери мамлекеттик жана башка органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимине жана (же) аракетине (аракетсиздигине) (айрыкча, кылмыш жана жорук жасаган учурда) арыз (даттануу) менен прокуратурага – *шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, коммерциялык эмес уюмдар, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар* кайрылууга укуктуу.

Прокуратура органдары прокурордук көзөмөлдү жүргүзүү тартибинде *аткаруу бийлик органдарынын, башка мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын аракеттерине арыздарды жана даттанууларды* карайт.

# Арыздарды (даттануулардь) кароо мөөнөттөрү

Шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн адамдын жана жарандын эркиндигин жана укуктарын бузуу жөнүндө арыздар, даттануулар жана башка билдирүүлөр прокуратура органдары тарабынан алар келип түшкөн учурдан тартып *2 күндүк мөөнөттө*, ал эми добуш берүү күнү же андан мурунку күнү келип түшкөндөр – *токтоосуз* каралууга тийиш.

Эгерде шайлоону жана референдумду даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздарда (даттанууларда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар *3 күндүк мөөнөттөн* кечиктирбестен кабыл алынат.

# Арыздарды (даттанууларды) кароонун өзгөчөлүктөрү

- ✓ Бардык арыздарга, даттанууларга жана кайрылууларга ***жазуу жүзүндөгү жооп*** берилет, анын көчүрмөсү АШКга жөнөтүлөт
- ✓ Прокуратуранын кызматкерлери жарандарга өзүнүн шайлоо укуктарын коргоо тартибин ***жазуу жүзүндө түшүндүрүп берет***
- ✓ Жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу жана аларды бузууну болтурбоо, мыйзамды бузган адамдарды жоопкерчиликке тартуу боюнча ***чараларды көрөт***
- ✓ Ведомстволук караштуулугу менен байланышкан карама-каршы кырдаал жаралса, аталган даттанууну кароо негизинен шайлоо комиссияларына жөнөтүлөт.

# Юридикалык жоопкерчилик:

- Конституциялык-укуктук (шайлоо) жоопкерчилик
- Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси менен белгиленген жоопкерчилик
- Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси менен белгиленген жоопкерчилик
- Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси менен белгиленген жоопкерчилик.

Шайлоо комиссиялары 10-главага (Жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашыруу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы бузуу) ылайык протоколдорду түзөт жана Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин **42, 42-1, 42-2, 43, 44, 45, 46, 47, 48**-беренелери менен каралган укук бузуулар жөнүндө иштерди Бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүш тартибине жана Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралындагы № 41 токтому менен бекитилген Шайлоо комиссияларынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо тартиби жөнүндө жобого ылайык карайт (*КР БШКнын сайтынан карасаңыздар болот*).

Ички иштер органдары укук бузуулардын жагдайларын эске алуу менен протоколдорду түзөт, тактап айтканда Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин **42-3, 81, 82, 82-2, 90-беренелери** менен каралган бузуулар жөнүндө иштерди кароого укуктуу

Ички иштер органдары Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинин **87, 87-1, 87-2-беренелери** менен каралган жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштү жүргүзөт:

- 87-берене (Шайлоочунун башка адам үчүн добуш берүүсү);

- 87-1-берене (Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу);

- 87-2-берене (Шайлануучу кызмат ордуна талапкердин билип туруп анык эмес маалыматтарды берүүсү).

Ички иштер органдары Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин **191-195-беренелери** менен каралган кылмыштар жөнүндө жазык иштери боюнча сотко чейин өндүрүштү жүргүзөт:

- 191-берене (Шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу);

- 192-берене (Шайлоочуларды сатып алуу);

- 193-берене (Шайлоо өнөктүгүн каржылоо тартибин бузуу);

- 194-берене (Шайлоо же референдум өткөрүүдө каражаттарды мыйзамсыз пайдалануу);

- 195-берене (Шайлоо документтерин бурмалоо).

# Прокурордук көзөмөл

Прокуратура органдары аткаруу бийлик органдарынын, ошондой эле алардын тизмеси конституциялык мыйзам менен аныкталган башка мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын шайлоо мыйзамдарын сакташына көзөмөлдү жүзөгө ашырат, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик каралган алардын аракеттерине арыздарды (даттанууларды) карайт.

# Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар үчүн чектөөлөр

- Прокуратура органдары, башка мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ***шайлоо комиссияларынын ишине кийгилишүүгө укуктары жок***, алардын ишине көзөмөл жүргүзбөйт, шайлоо комиссияларына жана алардын мүчөлөрүнө карата прокурордук чара көрүү актылары келтирилбейт.
- Шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, төрагасынын, төраганын орун басарынын, катчысынын алар боюнча материалдары сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүү үчүн Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестринде каттоого тийиш болгон кылмыштарды жана жоруктарды жасаган жагдайлары буга кирбейт.

Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону уюштуруунун жана өткөрүүнүн жүрүшүндө аткаруу бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына прокуратура тарабынан жүзөгө ашырылган көзөмөлдүн **абдан маанилүү** бөлүгүнөн болуп **административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланууга** бөгөт коюу саналат.

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамынын **17-1-беренесинин** ченеми мамлекеттик жана муниципалдык органдардын, башка мекемелердин жана уюмдардын жетекчилеринин саясий партиялардын айрым талапкерлерин колдоого багытталган жана мындан улам бардык талапкерлердин теңдигин бузган аракеттерине тоскоолдук кылган прогрессивдүү укуктук ченем болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамынын 22-беренесинин 15-бөлүгүнүн негизинде, Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, Жогорку Кеңештин депутаттарын кошпогондо мамлекеттик саясий кызмат орундарын, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кошпогондо, атайын мамлекеттик жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, байкоочулар, эл аралык байкоочулар, диний ишмерлер, кайрымдуулук иши менен аракеттенген уюмдарынын уюштуруучулары жана мүчөлөрү, 18 жашка толо элек адамдар, чет өлкөлүк жарандар жана уюмдар, жарандыгы жок адамдар үгүт жүргүзүүгө, ар кандай үгүт материалдарын чыгарууга жана таратууга укуксуз.

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Мыйзамынын **7-беренесинин 3-бөлүгүнүн, 8-1-беренесинин 4-бөлүгүнүн,** талаптарына ылайык, Жогорку Кеңештин депутаты, жергиликтүү кеңештин депутаты, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, саясий, атайын мамлекеттик кызматты жана саясий муниципалдык кызматты ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын ишенимдүү адамы, шайлоо комиссияларында алардын өкүлдөрү, судьялар, прокурорлор, укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, аскер кызматчылары, диний ишмерлер, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар, ошондой эле мыйзамда белгиленген тартипте соттуулугу алып салынбаган же жоюлбаган адамдар шайлоо комиссияларында байкоочу, коомдук байкоочу, шайлоо комиссияларында өкүл, ыйгарым укуктуу өкүл, ишенимдүү адам болууга укуксуз.

**Аталган Мыйзамдын 17-беренеси -** Жогорку Кеңештин депутатын кошпогондо, мамлекеттик саясий, административдик мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды ээлеген катталган талапкерлер, мамлекеттик, муниципалдык ишкананын, мамлекеттик (муниципалдык) катышуунун үлүшү 30 пайыздан ашык болгон мекеменин жетекчиси катталган учурдан тарып жана шайлоонун натыйжалары аныкталганга чейин кызматтык же кызмат ордундагы ыйгарым укуктарын аткарууну токтотуп турат;

- талапкер иштеген, кызмат өтөгөн мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери, аскер бөлүктөрүнүн командирлери жана органдардын тиешелүү кызмат адамдары талапкер арыз, рапорт менен кайрылган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде анын кызматтык ыйгарым укуктарын аткаруусун токтотуп турууга милдеттүү;

- Талапкерлер, же болбосо алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү аймактык шайлоо комиссиясына талапкерди көрсөткөн күндөн баштап 5 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү буйруктардын (тескемелердин) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн, талапкерлердин тизмесин берет;

- Катталган талапкер шайлоо комиссиясы шайлоонун жыйынтыктарын жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыяланган күнгө чейин аймактык шайлоо комиссиясынын макулдугусуз, кылмыш жасаган жеринде кармалган учурларды кошпогондо, жазык жоопкерчилигине тартылбайт, кармалбайт, камакка алынбайт же сот тартибинде берилүүчү чараларга дуушар кылынбайт

«Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын **3-беренесине** ылайык мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле алардын кызмат адамдары шайлоо комиссияларына алардын ыйгарым укуктарын ишке ашырууга көмөк көрсөтүүгө: зарыл жабдууларды, транспорт каражаттарын, телефондоштурулган жайларды, анын ичинде технологиялык жабдууларды, шайлоо документтерин сактоо үчүн жайларды берүүгө, ошондой эле аларды кайтарууну камсыз кылууга; зарыл маалыматтарды жана материалдарды берүүгө, шайлоо комиссияларынын шайлоо, референдумду даярдоо жана өткөрүү менен байланышкан кайрылууларына кечиктирбестен же үч күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнөн кийинки күнү - дароо жооп берүүгө милдеттүү. Добуш берүү үчүн жай мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан участкалык шайлоо комиссиясынын пайдалануусуна акысыз берилет.

Жогоруда белгиленген Мыйзамдын **14-бер. 2-бөл. ылайык Шайлоо фонддоруна** төмөнкүлөрдүн ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнө жол берилбейт:

- мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын;
- мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жана ишканалардын;
- уставдык капиталында мамлекеттик же муниципалдык үлүш бар юридикалык жактардын;
- аскер бөлүктөрүнүн, аскердик мекемелердин жана уюмдардын;
- укук коргоо органдарынын, соттордун;
- чет мамлекеттердин жана жарандардын, юридикалык жана жеке жактардын, жарандыгы жок адамдардын, диний ишмерлердин ж.б.

# Көзөмөлдүн багыттары

1) шайлоону даярдоо жана өткөрүү маселелерин жөнгө салган мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актыларынын так жана бирдей аткарылышына көзөмөл жүргүзүү;

2) жарандардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын укуктарынын сакталышына көзөмөл жүргүзүү

# Көзөмөл предмети

- ✓Кыргыз Республикасынын Конституциясынын сакталышы, мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актыларынын так жана бирдей аткарылышы (аткаруу бийлик органдары, башка мамлекеттик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын кызмат адамдары тарабынан);
- ✓Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын кызмат адамдары тарабынан кабыл алынуучу жана чыгарылуучу мыйзамдарга, ченемдик укуктук актыларга шайкеш келиши.

Көңул бурганыңыздар үчүн рахмат!